**МАТЕМАТИКА** **5-КЛАСС** **Вариант D**

**Окуучунун аты -жөнү ___________________________классы_____**

## 1-БӨЛҮМ

**№ 1.** Туюнтманын маанисин эсептегиле.

50000+6000+400+20+7=

А) 560427 Б) 56427 В) 564027 Г) 506427

**№ 2.** Кайсы амалда аткаруунун тартиби туура көрсөтүлгөн?

4 1 2 3
А) 700-(22+22·11):3

1 2 3 4
Б) 700-(22+22·11):3

4 2 1 3
В) 700-(22+22·11):3

1 3 2 4
Г) 700-(22+22·11):3

**№ 3.** Кайсы барабарсыздык туура?

А) 7 мин 60 с > 760 с Б) 29 ц 5 кг > 295 кг

В) 1 км 200 м < 1200 м Г) 5 т 40 кг > 5 т 40 ц

**№ 4.** Теңдемедеги белгисиздин мааниси канчага барабар?

$9\cdot x = 9+9+9$

А) 1 Б) 2 В) 3 Г) 4

**№ 5.** 4 түн квадраты канчага барабар?

А) 16 Б) 8 В) 6 Г) 12

**№ 6.** Жөө адам 18 км ди 3 саатта басып өттү. Ал кандай ылдамдыкта баскан?

А) 54 км/с Б) 6 км/с В) 21 км/с Г) 15 км/с

**№ 7.** Сантиметрди миллиметрге айландыргыла.

7 см 18 мм = ... мм

А) 25 Б) 88 В) 718 Г) 7018

**№ 8.** Машина оңдоочу жай 560 гайка сатып алды. Биринчи машинаны оңдоого 203 гайка, ал эми экинчи машинаны оңдоого 293 гайка керектелди. Машина оңдоочу жайда канча гайка калды?

А) 64 Б) 267 В) 357 Г) 496

**№ 9.** Көбөйтүүнү аткаргыла.

17 · 524 =

А) 4132 Б) 8908 В) 3608 Г) 890

**№ 10.** Бөлүүнү аткаргыла.

489560 : 5 =

А) 979 Б) 9791 В) 97902 Г) 97912

**№ 11.** Теңдемени чыгаргыла.

X : 32 = 14

А) 160 Б) 448 В) 128 Г) 442

**№ 12.** Сүрөттө жактары 6 см жана 4 см болгон тик бкрчтук көрсөтүлгөн. Анын периметрин тапкыла.




А) 20 Б) 10 В) 24 Г) 40

## 2-БӨЛҮМ

**№ 13.** Китеп койгон текче.



Дубалда бир катар китеп тизилген текче илинген. Алардын бирөөсү Алинага үй тапшырманы аткарууга керек болгон энциклопедия эле. Ал апасынан китеп кайсы жерде тураарын сураганда, апасы: сол жактан жетинчи же болбосо оң жактан он алтынчы -деп жооп берди. Текчеде канча китеп турганын эсептегиле?

**Жообу:**_______________

**№ 14.** Бакчада 27 мөмө багы бар. Анын $\frac{1}{3}$ ин алчалар түзөт. Бакчада канча алча багы бар?



**Жообу:**_______________